## Финансы-экономикалык негиздеме

### 1. Ишкананын жалпы мүнөздөмөсү

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2007-жылдын 20-июнундагы “Жашылдандыруу чарбасы муниципалдык ишканасын түзүү жөнүндө” №299 токтому, Балыкчы шаардык Кеңешинин XXIV чакырылышынын XXX сессиясынын 2007-жылдын 30-июлундагы №4 токтомунун негизинде Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Жашылдандыруу чарбасы” муниципалдык ишканасы түзүлгөн.

“Жашылдандыруу чарбасы” муниципалдык ишканасынын негизги милдети — жашыл аймактарды түзүү, сактоо жана кеңейтүү, тактап айтканда бак-дарактарды, гүлдөрдү отургузуу, санитардык-декоративдик кыюу, шаардын ирригациялык тармактарын куруу жана оңдоо-калыбына келтирүү иштери, парктарды, маданий-массалык эс алуу объекттерин куруу жана оңдоо менен бирге шаар тургундары жана меймандары үчүн экологиялык жактан коопсуз жана жагымдуу чөйрө түзүү болуп саналат.

Негизги жумуштар:

1. Көп жылдык дарактарды, бадалдарды, гүлдөрдү жана башка көчөттөрдү отургузуу;
2. Куурап калган жана авариялык абалдагы бактарды кыюу, ошондой эле декоративдик-санитардык бутоо;
3. Гүлзарларды, бактарды, гүлдөрдү, газон аянттарын жана өрүк бактарын багуу, сугаруу;
4. Гүл өстүрүүнү жана күнөскана чарбасын өнүктүрүү;
5. Көп жылдык газон чөптөрүн тегиздөө;
6. Ийне жалбырактуу жана жазы жалбырактуу дарактарды отургузуу үчүн көчөттөрдү сатып алуу;
7. Заманбап атайын техникаларды жана жабдууларды алуу;
8. Инструменттерди жана керектүү инвентарларды сатып алуу;
9. Автотранспортту утурумдук ремонттоого авто тетиктерди жана күйүүчү майларды сатып алуу.

Акыркы жылдары муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгү чыгымдардын өсүшү жана туруктуу кирешесиздик менен мүнөздөлүп, бюджеттен үзгүлтүксүз субсидиялардын зарылдыгына алып келди.

### 2. Ишкананын каржылык абалы

“Жашылдандыруу чарбасы” муниципалдык ишканасы жергиликтүү бюджеттен каржыланат.

Каралган акча каражаты менен чыгымдардын 2024-2025 жылдарга салыштырмалуу

| Чыгымдар статьясы | 2024-жыл | | 2025-жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | Сметага ылайык | Чыгымдар | Сметага ылайык | Чыгымдар |
| Эмгек акы | 18 838,5 | 17 502,2 | 29 787,1 | 23 016,9 |
| Социалдык төлөмдөр | 3 191,5 | 2 916,2 | 5 106,8 | 3 920,7 |
| Иш сапар чыгымдары | 70,0 | 70,0 | 70,0 | 49,9 |
| Байланыш (связь) | 25,0 | 19,2 | 25,0 | 15,9 |
| Транспорттук чыгымдар | 3 494,0 | 3 494,0 | 2 648,5 | 2 571,3 |
| Башка чыгымдар (прочие услуги) | 932,5 | 932,5 | 3 960,6 | 3 546,7 |
| Сатып алуулар (приобретение прочие) | 2 483,8 | 2 464,3 | 4 626,0 | 3 757,4 |
| Суу | 2 830,0 | 2 218,7 | 2 830,0 | 2 450,6 |
| Электр энергиясы | 305,0 | 196,8 | 350,0 | 228,8 |
| Машина жана жабдуулар | 320,0 | 320,0 | 526,0 | 462,0 |
| Негизги фонд (көчөттөр) | 700,0 | 700,0 | 2104,5 | 498,3 |
| **Бардыгы** | **33 190,3** | **30 833,9** | **52 034,5** | **40 518,5** |

Ишкананын чыгымдары төмөнкү негизги багыттардан турат:

1. Эмгек акы жана социалдык төлөмдөр;
2. Көчөт, үрөн, топурак, органикалык жер семирткич сатып алуу;
3. күйүүчү-майлоочу материалдар;
4. транспорт жана техниканы тейлөө чыгымдары;
5. суу, электр энергиясы жана коммуналдык төлөмдөр;
6. административдик жана чарбалык чыгымдар.

Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы "Жашылдандыруу чарбасы", муниципалдык ишканасына 2025-жылга карата жашыл бакдарактардын аянтын көбөйтүү жана жашылдандыруу максатында

көчөттөрдү сатып алууга жалпысынан жергиликтүү бюджеттен 2 104 000 (эки миллион жүз төрт миң) сом акча каражаты каралган. Кыргыз Республикасынын сатып алуулар мыйзамынын чегинде 604 000 (алты жүз төрт миң) сомго тендер жарыяланып, жыйынтыгында 498 000 (төрт жүз токсон сегиз миң) сомго 151 (жүз элүү бир) даана ийне жалбырактуу бак-дарактардын көчөттөрү сатып алынып, шаар аймагына отургузулду.

Ал эми калган 1 500 000 (бир миллион беш жүз миң) сомго күз-кыш мезгилинде отургузулуучу ийне жалбырактуу көчөттөрдү Кыргыз Республикасынын сатып алуулар мыйзамына ылайык сатып алуу үчүн декабрь айында конкурс өткөрүү мерчемделген.

Ошондой эле, жергиликтүү бюджеттен 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты гүл уруктарын сатып алууга каралып, толук 50 000 миң сомго алынган уруктардан гүлдөр ишкана короосунда жайгашкан күнөсканада өстүрүлүп, Балыкчы шаарынын аймагында орун алган эс алуу жайларына, парктарга жана скверлерге отургузулду.

2024-жылга карата жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 700 000 (жети жүз миң) сом акча каражатына 2024-жылдын декабрь айында тендер жарыяланып, 625 000 (алты жүз жыйырма беш миң) сомго 221 (эки жүз жыйырма бир) даана ийне жалбырактуу бак-дарактардын көчөттөрү алынып келип, Балыкчы шаарынын ички көчөлөрүнө отургузулду.

2025-жылдын жыйынтыгы менен 300 000 (үч жүз миң) сомго 200 (эки жүз) тонна кара топурак, 199 500 (жүз токсон тогуз миң беш жүз) сомго 150 (жүз элүү) тонна жер семирткич алынып, жашылдандырылуучу аймактарга жайылып жана 198 400 (жүз токсон сегиз миң төрт жүз) сомго 250 кг көк майсан уругу алынып, 2024-жылдан калган 100 кг жана демөөрчүлөрдөн 120 кг көк майсан уругу себилди.

Санитардык кыюудан алынган бак-дарактар Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Жашылдындыруу чарбасы” муниципалдык ишканансынын кампасына топтолуп, жылытуу мезгили башталган учурда Балыкчы шаардык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы тарабынан берилүүчү муктаждыкты аныктоочу актынын негизинде аз камсыз, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга отун катары бөлүнүп берилет.

“Жашылдандыруу чарбасы” муниципалдык ишканасы кошумча киреше булактарына ээ эмес, толугу менен жергиликтүү бюджет тарабынан каржыланат.

**3. Кайра түзүүнүн укуктук негиздери**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 65-беренесинин негизинде Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечими менен кайра түзүү иштери жүргүзүлөт.

**4. Ишканаын кызматкерлери**

Ишканада 79 туруктуу жана 25 сезондук кызматкер эмгектенет.

Кызматкерлерге кайра түзүү боюнча белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык кабарланат. Айрым кызматкерлер кайра түзүүдөн кийин кайрадан жумушка алынышы мүмкүн.

**5. Жыйынтык**

Жогорудагы айтылгандарды жана экономикалык-социалдык негиздерди эске алуу менен:

Жашылдандыруу муниципалдык ишканасын жоюу жана “Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык” муниципалдык ишканасынын карамагына кошуу менен экономикалык жактан максатка ылайыктуу.

“Жашылдандыруу чарбасы” муниципалдык ишканасы үзгүлтүксүз иштеши бюджетке түшкөн финансылык чыгымдардын жыл сайын көбөйүшүнө алып келет жана талап кылынган натыйжалуулук деңгээлин камсыз кылбайт. Ишкананы кайра түзүү жана жумушту уюштуруунун альтернативдүү формаларына өтүү төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:

- бюджеттик чыгымдарды азайтат;
- жумуштун сапатын жакшыртат;
- уланууучу субсидияларга болгон муктаждыкты жок кылат;
- башкаруу формаларын оптималдаштырат;
- Жергиликтүү бюджет үнөмдүү пайдаланылат.

**Мэрдин орун басары** **Н.Т.Турсунбеков**